# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

**11-класс** **№4 вариант**

**№1. Чакчыл түрмөктү белгиле.**

а) Алтынайдын келиши
б) таягына сүйөнүп
в) шаардан чакырылган
г) көлөкө издеди

**№2. Асты сызылган сөздү аныкта.**
**Көп <u>окумайынча</u> көптү билбейсиң.**

а) тактооч
б) атоочтук
в) этиш
г) чакчыл

**№3. Чакчыл катышкан сүйлөмдү белгиле.**

а) Адамды жакшы билмейинче, сырыңды ачпа.
б) Бул сайманы Гүлсүн байбиче баштап берди.
в) Мендей аны эч ким жакшы көрбөйт окшойт.
г) Сеп берүү – илгертеден келе жаткан салт.

**№4. Атоочтуктарды белгиле.**

а) кармачы, карачы, камачы
б) тересиз, тараңыз, тагыңыз
в) ороп, сепкени, жыйдырып
г) көрүүчү, караган, күлгөн

**№5. Атоочтук катышкан сүйлөмдү белгиле.**

а) Ардагерлерге берилүүчү белектер даярдалды.
б) Өлкөнү өнүктүрүү үчүн ар түрдүү сунуштар каралды.
в) Кара дөө аң уулап жүрүп, Семетейди көрүп калат.
г) Уздар боз үйдүн боо-чууларын атайын жасашат.

**№6. Атоочтук катышкан сүйлөмдү белгиле.**

а) Элечек орто жаштагы айымдарга арналган.
б) Элибиз ак калпагын башынан түшүрбөйт.
в) Чыптама баркыттан шырылып тигилет.
г) Ала-Тоо ак калпагын кийген кезде ... .

**№7. Асты сызылган сөздүн грамматикалык категориясын белгиле.**
**Бардык нерселерге <u>кызыгуу</u> – жаш балага мүнөздүү.**

а) негизги этиш
б) кыймыл атооч
в) атоочтук
г) чакчыл

**№8. Асты сызылган сөздүн грамматикалык категориясын белгиле.**
**Бийик тоолуу жерлерди <u>кыдыруу</u> кыйынчылык жаратат.**

а) чакчыл
б) негизги этиш
в) атоочтук
г) кыймыл атооч

**№9. Чакчыл катышкан сүйлөмдү белгиле.**

а) Бул чыгарманы окуу үчүн көп убакыт керек.
б) Ат арыбас болсочу, жаш карыбас болсочу.
в) Чыгарманы толук окумайынча, корутунду чыгарба.
г) Күндүр-түндүр маңдай терин төккөндөр – булар.

**№10. Чакчыл катышкан сүйлөмдү белгиле.**

а) Дос күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат.
б) Бар болсо – ташыба, жок болсо – шашпа.
в) Төгүлгөн аяк кайра толбойт.
г) Сүттөн оозу күйгөн айранды үйлөп ичет.

**Тесттин аягы!**

**Кыргыз тили (окутуу башка тилде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) боюнча тесттерди баалоо критерийлери**

Кыргыз тили (окутуу башка тилде жүргүзүлгөн мектептер үчүн) боюнча 5-11-класстар үчүн түзүлгөн тесттин негизги милдети окуучулардын аралыктан өздөштүргөн билимин жана учурдагы жетишкендиктерин баалоо болуп саналат.

1. 5-11-класстын окуучулары үчүн түзүлгөн тест – ***"берилген 4 варианттын ичинен 1 гана туура жоопту тандоо"*** форматындагы 10 тапшырмадан турат.
2. Тест <u>орто кыйындыктагы</u> тапшырмаларды камтыйт.
3. Ар бир туура аткарылган тапшырма 1 балл менен бааланат.
4. Жалпы тестке максималдуу 10 балл берилет.
5. **Бардыгы: 10 тест тапшырма – 10 балл.**
6. Алган баллдарды 5 баллдык тутумга которуу шкаласы төмөндөгүдөй :

| | **Балл** | **Баа** |
|---|---|---|
| | 3 баллдан аз | "2" |
| | 4-5 балл | "3" |
| | 6-7 балл | "4" |
| | 8-10 балл | "5" |